КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
АКНАЗАРОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АКНАЗАРОВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# Т О К Т О М

2026-жылдын 12-августу №43 Кызыл-Октябрь айылы

**Жакынкы жайыт жерлеринин ижара акылары жөнүндө**

Акназаров айыл аймагынын айылдык кеңешинин 33-чакырылыштагы депутаттарынын 2026-жылдын 12-августундагы кезектеги 17-сессиясы "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34,39-беренелерин жетекчиликке алып, ошондой эле Акназаров айыл өкмөтүнүн жер адисинин кайрылуусун угуп жана талкуулап чыгып токтом кылат:

1. Акназаров айыл өкмөтүнө тиешелүү болгон жакынкы жайыт жерлердин ижара акылары төмөнкү баалар менен баалансын 2026-жылдын 31-декабрына чейин.
   Айдоо сугат жерлер -4000 (төрт миң) сом
   алма бактар -2000 (эки(миң ) сом.
   жайыт катары пайдаланылып жаткан жерлер жайыт жерлердин баасы менен төлөнсүн.

2. Жакынкы жайыттарды пайдаланып жүргөн жарандардын жерлеринин тактоо жана ижара акысын чогултуп жыйноо жагы жайыт боюнча адис А.Момунтаевге милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Акназаров муниципалдык ишканасыны жетекчиси Э.Суйутбековго жүктөлсүн

4. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы ушул токтомду Акназаров айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыяласын,каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсүн ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Талас облустук башкармалыгына жөнөтсүн .

5. .Ушул токтом Кыргыз Республикасыннын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **А.Коккозов**